# КЫРГЫЗСТАНДЫН ТАРЫХЫ КАФЕДРАСЫ

Кыргызстанда эң алгачкы жогорку окуу жайы 1932-жылы Кыргыз мамлекеттик педагогикалык институту түзүлгөн. 1934-жылы КМПИнин коомдук илимдер факультети, тарых факультети болуп аталган. 1940-жж. экинчи жарымы – 1950-жж. башында тарых факультети жетектөөчү факультеттердин бирине айланып, тарыхчы-мугалим адистерин даярдап чыгарган.

1961-ж. Кыргызстандын тарыхы кафедрасы негизделип, тарых илиминин башатында турган, академик Б.Ж. Жамгерчинов кафедра башчылыгына дайындалган. Кафедранын ачылышы Кыргызстандын тарыхын жогорку окуу жайында окутууга жана илимий-изилдөөчүлүк багытты өнүктүрүүдө маанилүү ролду ойногон.

1962-1978-жылдардын аралыгында кафедраны профессор Зима Б.М., 1978-1983-ж-ры т.и.д., профессор Чокушев Б.Ч., 1983-1997-ж-ры т.и.д., профессор Бактыгулов Ж.С., 1997-1999-ж-ры академик, т.и.д., профессор Асанканов А.А., 1999-2001-ж-ры т.и.к., доцент Сапаралиев Д.Б., 2001-2003-ж-ры т.и.д., профессор Жакыпбеков Ж.Ж. жетектеп келген.

2003-ж. КУУнун ректорунун буйругу менен кафедра: Кыргызстандын байыркы жана орто кылымдардагы тарыхы жана Кыргызстандын жаңы жана соңку-жаңы тарыхы кафедраларына бөлүнгөн.

2003-ж. тартып Кыргызстандын байыркы жана орто кылымдардагы тарыхы кафедрасын т.и.д., профессор Жакыпбеков Ж.Ж. жетектесе, Кыргызстандын жаңы жана соңку-жаңы тарыхы кафедрасын т.и.к., профессор Жоробеков Т.Ж. башкарган.

2016-жылы Кыргызстандын байыркы жана орто кылымдардагы тарыхы менен Кыргызстандын жаңы жана соңку-жаңы тарыхы кафедралары Кыргызстандын тарыхы кафедрасына кайрадан бириктирилип, азыркы күнгө чейин кафедраны т.и.к., доцент Асанов Т.И. жетектеп келет.

Кафедра Кыргызстандын тарыхынын байыркы доорлордон бүгүнкү күнгө чейинки мезгилин, тарых жана чөлкөм таануу институтунда жана улуттук университеттин факультеттер жана институттар арасында окутуп, студенттердин аң-сезиминде тарых билимдерин, улуттук идеологиянын негиздерин калыптандырууну жана мекенчилдик сезимдерге тарбиялоо менен келечекте тарых боюнча татыктуу билим алган жогорку деңгээлдеги кадрларды даярдоонуу максат кылат.

Бүгүнкү күндө кафедрада жалпысынан 55 дисциплина, кесиптик, тандалма сабактар студенттерге жана магистранттарга окутулат. Ал эми тарых жана чөлкөм таануу институтунда Кыргызстандын тарыхы – байыркы, орто кылымдардагы, жаңы жана соңку-жаңы тарыхы мезгилдерине бөлүштүрүлүү менен, студенттерге жалпы “Тарых” багытындагы тереңдетилген билим берилет.

Аны менен бирге эле, кафедрада “Архивтаануу” багытындагы адистерди даярдоочу дисциплиналары жана “Кыргызстандын тарыхы” профилине адистештирилген тандоо сабактар окутулат.

Кафедранын профессордук-окутуучулук курамын жогорку-квалификациялуу, бай тажрыйбалуу педагогдор жана окумуштуу-изилдөөчүлөр түзөт. Окуу процессин кафедрада жалпысынынан 22 окутуучу, алардын ичинен штаттык курамда 16 – т.и.д., проф. Жакыпбеков Ж., т.и.к., доц. Бедельбаев А., т.и.к., доц. Момбекова Ж.К., т.и.к., доц. Мамбетова К., т.и.к., доц. Жанакеева А.Т., т.и.к., доц. Асанов Т.И., т.и.к., доц. Султаналиева Н.И., т.и.к, доц. Асантурова Т., т.и.к, доц. Мамытова А.Б., т.и.к.,доц. Толобаева Э.А., т.и.к., доц. Кадыралиева Н.Ш., ага окут. Арзыгулова С., ага окут. Жалиева Б.Х., ага окут. Өтөмбаева С.Н., ага окут. Сатимкулова М.А., окут. Амирбек к. Г., ал эми штаттык эмес 6 – т.и.д., проф. Джуманалиев Т.Д., т.и.к., доц. Кушубеков А.Т., окут. Азизбекова Ч.С., окут. Чекирова А.М., окут. Ахматкалый к. Н., окут. Руслан к.Н., камсыз кылат.



***Кафедранын штаттык түзүмү:***

Кафедранын мүчөлөрү «Кыргызстандын тарыхынын жана тарыхнаамасынын актуалдуу маселелери» деген теманын үстүндө илимий иш алып барышат.

Кафедранын илимий темасына ылайык профессордук-окутуучулук курамы дайыма Кыргызстандын тарыхынын актуалдуу маселелери боюнча илимий изилдөөлөрдү жүргүзүп, кыргыздардын жана Кыргызстандын байыркы жана орто кылымдардагы, жаңы жана соңку мезгилдеги тарыхын терендетип изилдеп, ошондой эле илимий изилдөөлөрдүн натыйжаларын окуу процессине колдонуп келе жатышат.



*Кафедра башчысы*
*т.и.к., доцент*
*Асанов Темиркул Ишекеевич*



*т.и.д., профессор*
*Жакыпбеков Жаныбек*



*т.и.к., доцент*
*Бедельбаев Аскарбек*



*т.и.д., профессор*
*Джуманалиев Тынчболот Дадыйевич*



*т.и.к., доцент*
*Момбекова Жыргал Канаевна*



*т.и.к., доцент*
*Мамбетова Калыйкан*



*т.и.к., доцент*
*Жанакеева Анаркуль Тологоновна*



*т.и.к., доцент*
*Султаналиева Назира Ишенбековна*



*т.и.к., доцент*
*Асантурова Таалайкүл*



*т.и.к., доцент*
*Мамытова Алтынай Билаловна*



*т.и.к., доцент*
*Толобаева Элида Анарбековна*



*т.и.к., доцент*
*Кадыралиева Нуриза Шералкановна*



*ага окутуучу*
*Жалиева Бурул Хамидовна*



*ага окутуучу*
*Арзыгулова Суракан*



*ага окутуучу*
*Өтөмбаева Сагынбүбү Ниязбековна*



*ага окутуучу*
*Сатимкулова Манзура Акбаралиевна*



*окутуучу*
*Амирбек кызы Гулбарчын*